**Сабактын планы** **3-чейрек**
**Классы:** 5
**Мугалим:**Султаналиева Э.С
**Предмети:** Кыргыз адабияты
**Сабактын темасы: Ж.Бөкөнбаев "Жылан менен бака"**

| **Сабактардын максаттары:** | **Күтүлүүчү натыйжа:** |
|---|---|
| Билим берүүчүлүк: Ж.Бөкөнбаевдин өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу маалымат алышат, "Жылан менен бака"тамсили менен таанышышат<br>Өнүктүрүүчүлүк: Жазуучу тууралуу кеңири маалымат алуу менен чыгармачылыгынын бөтөнчөлүгүн билип , көркөм окууга үйрөнүшөт.<br>Тарбия берүүчүлүк: окуучулар топто иштөөдө жоопкерчиликке, бири-биринин оюн уга билүүгө,адамдагы асыл сапаттарды алып жүрүүгө тарбияланышат | а) Ж.Бөкөнбаев жана анын чыгармасы тууралуу кенири маалымат алса;<br>б) Жазуучуга тиешелүү өзгөчөлүктөрдү,чыгармадагы негизги белгилерди үйрөнсө;<br>в) топто иштөөдө жоопкерчиликти сезсе, бири-биринин оюн уга билсе жана адамдагы асыл сапаттарды ажырата алышса |

**Негизги кометенттүүлүк:**

1.Маалыматтык
2.Социалдык коммуникативдик
3.Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү

**Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**
Тилдик компетенттүүлүк –Жазуучу жана анын чыгармасы тууралуу кенири түшүнүк алышат; - жазуучуга мүнөздүү белгилерди талдоого үйрөнүшөт.
Кептик компетенттүүлүк - сүйлөө кебинде көркөм каражаттарды колдоно алышат; - жазуучунун тилин аңдап түшүнүшөт
Маданий компетенттүүлүк - кеп маданиятына ээ болот; - адабий тилдин ченемине ылайык туура сүйлөөгө калыптанат.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, компьютерден слайд.
**Сабактын тиби:** Жаңы билимди өздөштүрүү.
**Сабактын методу:** Мээ чабуулу, жеке иштөө, аңгемелешүү,видио ж.б.
**Сабактын жүрүшү:**
**1. Уюштуруу**
*Балдардын сабакка даярдыгын, класстын абалын байкоо,*
*катышуу жөнүндө маалымат алуу*

**2. Үй тапшырмасын суроо**
*Үй тапшырмасын текшерип чыгуу, айрым балдардан сурап чыгуу.*

**3. Өтүлгөн темаларды кайталоо**

- Окуучулар өтүлгөн темалар боюнча кайталап, бири-бирине суроо беришет.
- Окуучулар үйгө берилген тапшырмаларды көркөм жатка айтышат

**Мээге чабуул:**

- Менин бүгүн маанайым жакшы.
- Сенин бүгүн маанайын кандай?
- Дайыма маанайынар жарык болсун!
- Эч кимдин маанайы бузулбасынчы.

❖ Окуучулар макал айтуу менен сабак башталат.

**4.Жаңы теманы түшүндүрүү:**

Тамсил жөнүндө балдарга түшүнүк берүү. Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүр баянынан балдарга кыскача айтып берүү. (Слайд менен)

Жылан менен бака жөнүндөгү тамсилди балдар саптар боюнча окуп маанилерин айтып беришет.

.

**Ийнинде жаткан жылан сойлоп чыкты**,
**Ийрилип, суу жээктеп жойлоп чыкты**.
Топтошуп суу четинде **чардап жаткан**
**Жутууга** бакаларды ойлоп чыкты.

Аралап жашыл чөптү келе жатты,
**Астыртан** бака сууга кире качты.
**Арбоого** ал баканы амал менен,
**Айлакер** жылан дагы сөзүн айтты:

«Бака-бака балчак,
Башың неге **жалпак**?
Баатыр бака болсоң да,
Башкалардан **жалтак**.

Бутуң неге **ийри**,
Көзүң неге **тосток**?
Дос болобуз экөөбүз,
Сыр алышып турсак.

Ийри-буйру бутуңду
Түз кылайын, **оңдоюн**.
Жутам десем досумду
Өмүрүмдө **оңбоюн**.

Тосток болгон көзүңдү
Оң кылайын, **эмдейин**.
Жалпак башың оңолот,
Ансыз неге кел дейин.

Көркүң чыгып жайдары
Сулуу бака болосуң.
Көрүнгөндөн жашынып
Корконуңду коёсуң.

Келгин, бака, жаныма,
Бир берейин батамды.
Бардык күчтү жумшайын
Сактап жүргөн качанкы».

Сыр чечип, айтканына көндү бака,
Жылмайып суу ичинен күлдү бака.
Жылуу сөз укканына сүйүнгөндөн
Жыланга тилек менен келди бака:

«Тынбай **казан** көтөрүп,
Башым жалпак болуптур.
**Жайдак атка** көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду көп карап,
Көзүм тосток болуптур.

Ушул көздөн уялып,
Суудан чыкпай жүрөмүн.
Ушул буттан уялып,
Жерге баспай жүрөмүн.
Ушул баштан уялып,
Элге батпай жүрөмүн.

Эгер бутту түзөтсөң,
Айтканыңа көнөйүн.
Башым өйдө көтөрүп,
Бир көркүмө келейин.
Эгер көзүм оңдосоң,
Бүт дүйнөнү көрөйүн.

**Көмөк көрсөт** жакшылап,

Достугунду билейин.
Жандан коркпос эр болуп,
Жайдары басып жүрөйүн.
Кулаалынын, күйкөнүн
Бир азабын берейин».

Умтулуп сойлоп келип жылан жутту,
Баягы түзөйм деген ийри бутту.
Бакырып бака шордуу эстен танды,
Басылбай бир кыйлага ыйлап жатты.

«Дос элек, жутпа мени, калтыр» - деди,
«Бузбагын досчулуктун салтын» - деди.
Аңгыча **алкымына** жутуп алып,
Акырын жылан ары сойлоп кетти.

5.Сөздүк жумуштары менен иштөө.

Ийнинде жаткан жылан, сойлоп чыгуу, ийрилип, суу жээктеп, жойлоп чыгуу, чардап жаткан, жатуу, астырттан,арбоо, айлакер ж.б.

Сөздөрдүн синонимдерин табуу.

Суу жээк – суу чети, жатуу – соруу, айлакер – амалдуу, куу, баатыр – эр.

Сөздөрдүн антонимдерин табуу.

Жалпак – томолок, баатыр – жалтак, ийри – түз, дос – кас.

Сөздөрдүн омонимдерин табуу.

Оң – 1. Багыт маанисинде;
2. туура деген мааниде

6.Макал-ылакаптарды окуп маанилерин айтып беришет

- Жыландан сыр сурасаң, чаянды калыс кылат.
- Жыландын сырты жумшак, ичи заар, жыландын териси кооз, тиши уу.
- Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт.
- Бакча баксаң – макта, акча тапсаң сакта.

**7.Бышыктоо:** **1.**Слайд көрсөтүү.
Венндин диограммасын түзүү.




**8.К-4** ыкмасы менен иштөө

**Жыйынтыктоо:** Суроо жооп иретинде.

- Жылан жөнүндө эмне билесиңер?
- Бака жөнүндө эмне билесиңер?
- Жылан менен Бака кайсыл учурда, кандайча жолугушту?

- Жылан Бакага эмне деп айтканын тексттен окуп, маанисин түшүндүрүп бергиле?
- Тамсил деп кандай чыгармаларды айтат экенибиз?

**9.Баалоо:** *(сабакта жакшы катышкан балдар бааланат. Мактоо баракчаларына ээ болушат).*

**10.Үйгө тапшырма:**

- «Жылан менен Бака» деген чыгарманын негизинде сүрөт тартуу.
- Жыландын жана Баканын сөздөрүнөн үзүндүлөрдү жаттоо.
- Турмушта Жылан жана Бака болгон адамдарды билесиңби, билсең, ошолор тууралуу эссе жазуу.
- Жаңылмачты көркөм окуп келүү.